КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com

Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги IV сессиясынын
# №21/4-9 ТОКТОМУ

**17-февраль, 2025-жыл** **Талас шаары**

**2025-2027-жылдарга Талас шаарынын аймагында жайгашкан турак имараттар жана орун жайлардын ставкаларын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын “Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” мыйзамынын 4-беренесинин 13-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптарына ылайык, Мамлекеттик Салык кызматынын Талас шаары боюнча башкармалыгынын 13.01.2025-жылдагы №01-3-33 сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-2027-жылдарга Талас шаарынын аймагында жайгашкан турак имараттар жана орун жайлардын ставкалары тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева.А.Ж.) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков.А.О) тапшырылсын.

**Төрага** **К. Джаныбеков**

Тиркеме 1

**Талас шаарынын аймагында жайгашкан турак имараттар жана орун жайлардын ставкалары алардын дубалынын материалына жана эксплуатацияга берилеген мөөнөттөрүнө жараша болжолдуу ставкасы.**

| **Дубалдын материалы** | **Эксплуатацияга берилген мөөнөтү** | **Турак имараттын жана орун жайдын ставкасы 1 чарчы метрге, сом менен** |
|---|---|---|
| **Кыш, жыгач, курама же монолиттүү бетон жана темир бетон, бетон блоктор, кум блоктор, пеноблоктор, айнек, сендвич панель** | 5 жылга чейин | 25 |
| | 5-15 жыл | 24 |
| | 15-30 жыл | 22 |
| | 30-45 жыл | 20 |
| | 45 жылдан ашык | 17 |
| **Чийки чопо (саман, гуваляк, сокмо) шлакоблок, полистролдук курулуш блогу** | 5 жылга чейин | 17 |
| | 5-15 жыл | 15 |
| | 15-30 жыл | 13 |
| | 30-45 жыл | 10 |
| | 45 жылдан ашык | 8 |
| **Металл** | Эксплуатация мөөнөттүнө карабастан | 17 |
| **Башка материалдар жана убактылуу жайлар үчүн материалдар** | Эксплуатация мөөнөттүнө карабастан | 13 |
| **Орточо ставка** | | 16,75 |